Ж.Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук университети жана Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Б.Джамгерчинов атындагы Тарых, археология жана этнология институтуна караштуу Д.07.23.671 диссертациялык кеңештин эксперти, тарых илимдеринин доктору, профессор Джуманалиев Акылбектин 07.00.02 – Ата Мекен тарыхы адистиги боюнча жазылган Арзыматова Анаркуль Жумадиловнанын "Кыргыз Республикасынын коомдук – саясий турмушунун өнүгүшү (1991 – 2005)" деген темадагы тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган кандидаттык диссертациянын кол жазмасы боюнча

**Корутунду.**

1. **Диссертациялык кеңешке диссертацияларды коргоого кабыл алуу укугу берилген адистикке иштин дал келиши.**

Арзыматова Анаркуль Жумадиловнанын "Кыргыз Республикасынын коомдук – саясий турмушунун өнүгүшү (1991 – 2005)" деген темадагы 07.00.02 – Ата Мекен тарыхы адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн даярдалган диссертациясы Д 07.23.671 диссертациялык кеңештин профилине туура келет.

07.00.02 – Ата Мекен тарыхы адистигигинин паспортуна, адистиктин паспортунун пункттарын көрсөтүү менен толук жооп берүүчү Кыргыз Республикасынын эгемендик мезгилиндеги 1991-2005-жылдар аралыгындагы коомдук-саясий турмушунун өнүгүшүнө тарыхый анализ берүү максатында жүргүзүлгөн изилдөө иши.

2. **Диссертациялык иштин максаты жана милдеттери**

***Изилдөө ишинин максаты*** – Кыргыз Республикасынын 1991-2005-жылдардагы коомдук-саясий турмушунун өнүгүү тарыхын комлектүү изилдеп өлкөнүн эгемендүүлүк мезгилиндеги өнүгүүсүнө тийгизген ордун аныктоо болуп эсептелет.

Коюлган максат диссертацияда төмөндөгү **милдеттерди** аткаруу менен чечилген:

1. Кыргызстандын 1991-2005-жылдардагы коомдук-саясий турмушун изилдөөнүн тарыхнаамалык жана булактык базасына анализ кылуу;
2. Көз карандысыз Кыргыз Республикасынын коомдук-саясий системасынын калыптанышындагы тарыхый өбөлгөлор менен шарттарга илимий талдоо жүргүзүү;
3. Өлкөнүн коомдук-саясий институттарынын бекемделишине тарыхый анализ берүү;
4. Көп партиялуулуктун 1991-2005-жылдардагы коомдук-саясий өнүгүүгө тийгизген таасирин аныктоо;
5. Өткөөл мезгилдеги коомдук-саясий турмуштун өнүгүүсүндө авторитардык бийликтин калыптануусу жана анын өлкөнүнүн өнүгүүсүнө тийгизген кесепеттерине баа берүү.

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугунун негизделиши**

Өткөн кылымдын 90-жылдарнын башындагы өлкөдөгү коомдук-саясий процесстер Кыргызстандын көз карандысыз өз алдынча эгемен өлкө болуп калыптанышына алып келген. Кыргызстандын эгемен мезгилдеги 1991-2005-жылдар аралыгында өнүгүү этабына коонмдук саясий өнүгүүлөрдүн өнүгүүсүнө тарыхый анализ берүү менен, объективдүү тарыхый баа берүү тарых илиминдеги актуалдуу проблемалардын бири болуп санат. Эгемендикти алган Кыргызстандын саясий системасын коомдук-саясий турмушунун калыптанып, өнүгүү этаптары тарыхый булактардын негизинде демократиялаштырууга багытталган трансформациялоо процессине анализ берүү менен тарыхый окуяларды хронологиялык ыраттулукта объективдүү изилдөө мезгилдин талабы

**Изилдөөнүн илимий жыйынтыктары**

**1 - жыйынтык:** Эгемен КРнын коомдук саясий турмушу бир эле мезгилде бир нече дисциплиналардын түйүнүндө изилденген. Аталган маселени

чагылдырган илимий иштерди жана макалаларды шарттуу түрдө изилдөөчү төмөндөгүдөй бөлүп караган: Кыргызстандын саясий тутумун демократиялык жол менен өзгөртүү баскычтарына арналган илимий эмгектер, бийликтин үч бутакка бөлүнүүсүн изилдеген илимий эмгектер, конституциялык реформаларга арналган эмгектер, экономикалык реформалалардын этаптарын изилдөөчү илимий эмгектер, мамлекеттин тышкы саясатына арналган илимий эмгектер жана публицистикалык макалалар, интернет булактары, массалык маалымат каражаттары. Колдонулган адабияттар саясий процесстердин татаалдыгын жана ар түрдүүлүгүн чагылдыруууга мүмкүндүк берген.

**2- жыйынтык.** Кыргыз Республикасынын 1991-2005-жж. коомдук саясий турмуштун өнүгүүсү боюнча изилдөөдө окумуштуулардын илимий эмгектери, теориялары менен концепциялары талдоого алган. Саясий турмушту изилдөөнүн негизги теориялык концепциялары жана ыкмаларын талдоодо: саясий система, идеология, саясий турмуш, саясий режим ж.б.у.с. коомдук процесстерге кандай таасир этерин туура түшүндүрүүгө негиз болгон.

**3 – жыйынтык:** Эгемен Кыргыз Республикасынын коомдук – саясий турмушунун өнүгүү тарыхын изилдөөдө базалык тарыхый - маалымат булагы катры: ченемдик – укуктук актылар, архивдик материалдар, статистикалык документтер, саясий-идеологиялык документтер, сурамжылоо колдонулган. Бул булактарды колдонуу диссертантка, Кыргыз Республикасынын коомдук - саясий турмушунун өнүгүшүн ар тараптан изилдөөгө мүмкүндүк берген.

**4 – жыйынтык.** Изилдөөдөчү илимий ишинде теманын максаты жана милдеттерин, парктикалык жана теориялык маанисин туура аныктаган. Диссертацияны жазууда диссертант төмөнкү ыкмалар (методдор) колдонгон: тарыхый изилдөө ыкмасы, эмприкалык ыкма, тарыхый генетикалык ыкма, салыштыруу ыкмасы, комплекстүү ыкма, саясий процесстерди изилдөөнүн институттук ыкмасы, документтерди талдоо ыкмасы ж.б. Бул ыкмалар илимий иштин теориялык жана практикалык маанисин изилдөө үчүн туура колдонулган.

**5 – жыйынтык:** Эгемен Кыргызстандын алгачкы жылдарындагы мамлекеттик коомдук-саясий иниститутардын, өлкөнү башкарууда бийлик бутактарынын конституцияда бекемделишин, президенттик, аткаруу жана мыйзам чыгаруу бийликтеринин өлкөнүү башкаруудагы ордун, саясий турмуштун өнүгүүсүнө тийгизген факторлорду изилдөө объектисине алаган.

**3. Алынган натыйжалардын практикалык маанилүүлүгү.**

Кыргыз Республикасынын коомдук-саясий турмушунун өнүгүшү жөнүндөгү билимдин кеңейишин камсыз кылат жана анын көйгөйлөрүн андан ары терең изилдөөгө колдонулушу мүмкүн. Диссертациянын негизги жыйынтыктары жана жоболору мамлекеттик бийлик органдары коомдун муктаждыктарын эске алуу менен, практикалык ишмердүүлүгүндө колдонууга болот. Диссертациянын мазмуну курстук жана дипломдук иштерди даярдоодо, гуманитардык багыттагы адистиктер үчүн окуу курстарын окууда колдонушу мүмкүн.

**Эскертүүлөр:**

1) Диссертациялык иштин I бапындагы тарыхнаамалык эмгектерди квалификацияларга бөлүү зарыл.
2) Корутундуда изилдөөнүн кээ бир натыйжалары толук кирбей калаган.

**4. Сунуштар**

1) Диссертацияда айрым редакциялык – стилистикалык жана техникалык кемчилдиктер, мүчүлүштүктөр кездешет, аларды жоюуп, УАК талаптарына ылайык келтириш керек.
2) Ыкма, усул деген сөздөрдү метод деп жазып койсо түшүнүктүү болмок.

**Корутунду**

Арзыматова Анаркуль Жумадиловнанын “Кыргыз Республикасынын коомдук – саясий турмушунун өнүгүшү (1991 – 2005)” деген темадагы

07.00.02 – Ата Мекен тарыхы адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн даярдалган диссертациялык ишинин кол жазмасы КР окумуштуу даражасын берүү боюнча Жобосунун талаптарына жооп берет. Диссертациялык иш илимий-теориялык талаптарга ылайык, тийиштүү адабияттардын жана булактардын негизинде өз алдынча жүргүзүлгөн диссертациялык изилдөө болуп саналат

1. **Диссертациялык кеңештин эксперти** берилген документтерди карап чыгып, Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети жана Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Б. Джамгерчинов атындагы Тарых, археология жана этнология институтуна алдындагы тарых илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алуу боюнча уюштурулган Д. 07.23.671 диссертациялык кеңешинде Арзыматова Анаркуль Жумадиловнанын "Кыргыз Республикасынын коомдук – саясий турмушунун өнүгүшү (1991 – 2005)" деген темадагы 07.00.02 – Ата Мекен тарыхы адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн даярдалган диссертацияны коргоого сунуштайт.

**Эксперт:**
**тарых илимдеринин**
**доктору, профессор:** **Джуманалиев А.**

**Эксперттин колун тастыктаймын:** **Карыева А. К.**
**Диссертациялык кеңештин**
**окумуштуу катчысы, тарых**
**илимдеринин доктору**

15.01.2024 г.